**2025-жылдын 1- кварталдын жыйынтыгы боюнча жеңилдетилген дары-дармек менен камсыздоо жөнүндө маалымат.**

2025-жылдын 1-кварталдын жыйынтыгы боюнча ҮМБ/ҮДТдун дарыгерлери тарабынан 460,5 миң жеңилдетилген рецепт, анын ичинде камсыздандырылган жарандарга 397,8 миң рецепт (86%), Мамлекеттик кепилдиктер программасы боюнча 62,7 миң рецепт (14%) жазылып берилген.

Бейтаптардын социалдык категориясы боюнча рецепттердин максималдуу саны пенсионерлерге 115,1 миң рецепт (24%), иштегендерге жана жеке ишкерлерге 79,5 миң рецепт (20%), балдарга жана студенттерге 35,9 миң (10%), социалдык жөлөкпул алуучуларга 21 миң (5%), фермерлерге 47,9 миң (12%) жазылган. Кош бойлуулугуна байланыштуу диагнозу бар аялдарга 91,7 миң рецепт (23%) жазылган.

Мамлекеттик кепилдиктер программасы менен аныкталган оорулуулардын жеңилдетилген категориясы боюнча рецепттердин максималдуу саны ГБ менен ооругандарга Бисопрололго 38,5 миң рецепт жазылган, бул МКПнын бардык рецепттеринин 61% түзгөн, эпилепсия менен ооругандарга 8,6 миң рецепт (14%), бронхиалдык астма менен ооругандарга 6,4 миң (10%), психикалык бузулуулары барларга 6,1 миң (10%) жана онкологиялык оорулууларга 3 миң рецепт (5%) жазылган. 2024-жылга салыштырмалуу бул категориялар боюнча рецепт жазуулардын темпи 4% га төмөндөшүн жана онкологиялык оорулуулардын арасында байкаларлык кыскаруусун белгилей кеттүү керек - 2980 рецепт ( 2024-ж. -3607 рецепт), айырмасы 627 рецепт.

2025-жылдын 1-кв. ичинде сатылган дары-дармек каражаттары боюнча компенсациянын өлчөмү 124,4 млн сомду түздү, анын ичинде оорулуулардын жеңилдетилген категориясы 18,4 млн сомду (15%), камсыздандырылган категория 106 млн сомду (85%) түзгөн.

Үстүбүздөгү жылдын 1-апрелине карата жеңилдетилген программалар боюнча фармацевтикалык кызмат көрсөтүүгө 161 келишим түзүлгөн, мында дарыкана мекемелеринин чекене сатуу тармагы 1039 бирдикти, анын ичинде 365 дарыкана, 674 дарыкана пункттары.